**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ, ЭКОЛОГИИ И ТЕХНИЧЕСКОГО НАДЗОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

№________________

**Кыргыз Республикасында кыймылдуу булактардан чыккан булгоочу заттардын чыгындыларына мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө**

«Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18 жана 20-беренелерин ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасында кыймылдуу булактардан чыккан булгоочу заттардын чыгындыларына мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүүнүн тартиби бекитилсин;

2. Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы жүктөлгөн функцияларды аткарууда ушул буйрук менен бекитилген Тартипке таянып иш алып барсын.

3. Атмосфералык абаны коргоо бөлүмүнө:

- ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» токтомуна ылайык аны расмий жарыялоо боюнча чаралар көрүлсүн;
- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө, жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине нормативдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн;
- буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары А.К. Раимкуловага жүктөлсүн.

---

**Об утверждении Порядка осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике**

В целях реализации статей 18,20 Закона Кыргызской Республики "Об охране атмосферного воздуха", руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, **приказываю:**

1. Утвердить Порядок осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике;

2. Службе экологического и технического надзора при осуществлении возложенных функций руководствоваться Порядком, утвержденным настоящим приказом.

3. Отделу охраны атмосферного воздуха:

- в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа принять меры по его официальному опубликованию в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию приказа на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления приказа в силу направить копию приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра А.К. Раимкулову.

**Министр** **А.Т. Токтобаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын
Жаратылыш ресурстары,
экология жана техникалык
көзөмөл министрлигинин
26.03.2026-ж. № 01-01/108
буйругу менен бекитилген

# Кыргыз Республикасында кыймылдуу булактардан чыккан булгоочу заттардын чыгындыларына мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүүнүн ТАРТИБИ

## 1 - Бөлүм. Жалпы жоболор

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №128 «Укук бузуулар жөнүндө» кодексине, Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 12-июнундагы №51 «Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июнундагы №53 «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-июлундагы №350 «Транспорт каражаттарын техникалык кароодон өткөрүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын аймагында автомобиль транспорт каражаттарынан чыккан булгоочу заттардын чыгындыларына контролду жана мониторинг жүргүзүүнүн тартибин аныктайт.

Тартип Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланылуучу ички күйүү кыймылдаткычтары менен жабдылган бардык автотранспорт каражаттарына жана башка кыймылдуу каражаттарга, анын ичинде гибриддик жана ырааттуу гибриддик күч орнотмолору бар транспорт каражаттарына жайылтылат.

2. Тартипте төмөнкү терминдер жана алардын аныктамалары колдонулат:

Газоанализатор - кыймылдаткычтын чыгаруучу газдарынын химиялык курамын үзгүлтүксүз анализдөөчү прибор;

Кыймылдаткычтын чыгарылган газдары – кыймылдаткычтын цилиндрлеринен же күйүүчү камераларынан чыгарылып алынган, кошулган чаң-чөкмө менен аралаш газдар.

Кыймылдаткычтын чыгарылган газдарынын түтүндүүлүгү – дизель кыймылдаткычынан чыккан газдар аркылуу өтүп жаткан жарык агымын сиңирүү деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүч.

Кыймылдаткычтын чыгарындысынын уулуулугу – кыймылдаткычтын чыгарындысы адамдарга жана айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчү таасир көрсөтүү жөндөмү.

Эркин тездетүү – кыймылдаткычтын бош жүрүштөн минималдык айлануу ылдамдыктан максималдык айлануу ылдамдыгына чейин тездетилиши.

Максималдык айлануу ылдамдыгы – кыймылдаткычтын бош жүрүшүндө толугу менен күйүүчү май педаласы басылган учурда валдын айлануу ылдамдыгы, регулятор менен чектелген.

Дымомердин эффективдүү базасы L, м – газоанализатордун иштөө шартында өлчөнгөндө, жарык агымын басаңдатуу боюнча эквиваленттүү болгон, чыгарылган газдардын оптикалык бир калыптуулуктагы катмарынын калыңдыгы, ал газдар дымомердин иштөө түтүктөрүн толтурат.

Жарык агымын басаңдатуунун табигый көрсөткүчү K, $м^{-1}$ – чыгарылган газ катмары аркылуу өтүп жатканда дымомердин жарык булагынан чыккан радиация агымы е эсеге басаңдай турган катмандын калыңдыгынын тескери көрсөткүчү. Бул көрсөткүч дымомердин негизги шкаласында эсептелет.

Жарык агымын басаңдатуу коэффициенти N, % – чыгарылган газдар дымомердин иштөө түтүгүнөн өтүп жатканда жарыкты сиңирүү жана чачыратыш натыйжасында жарык агымынын басаңдоо даражасы. Бул көрсөткүч 0,43 м эффективдүү база менен дымомердин жардамчы шкаласында эсептелет.

## 2 - Бөлүм. Автотранспорт каражаттарына рейддик текшерүүлөрдү уюштуруу жана өткөрүү

3. Атмосфералык абага автотранспорт жана башка кыймылдуу каражаттардан чыккан чыгындыларды көзөмөлдөө боюнча талаптардын аткарылышына мамлекеттик контролду айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган өзүнүн компетенциясынын чегинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырат.

4. Жол рейддик текшерүүлөр – транспорт каражаттарын түздөн-түз иштетилген жерлерде (көчөлөрдө, жолдордо, көзөмөл-өткөрүү пункттарында) ашыкча түтөгөн же уулуу газдарды чыгарган унааларды аныктоо максатында тандалма текшерүү.

5. Транспорт каражаты жол кыймылынын коопсуздугун контролдоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлери тарабынан токтотулгандан кийин, булгануучу заттардын чыгындыларын белгиленген нормативдерин жана чыгаруучу газдардын уулуулугунун деңгээлин сактоону контролдоону айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарымдуу органдын кызматкери жүзөгө ашырат.

6. Жол кыймылында жүргөн, улуттук коопсуздук органдарынын, ички иштер органдарынын, тез медициналык жардамдын, авариялык-техникалык кызматтардын, ӨКМ кызматтарынын, аскердик, дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана таксилердин, жүргүнчүлөрү бар автобустардын,

ошондой эле колонналарда жүрүүчү транспорт каражаттары текшерүүгө жатпайт.

### 3 - Бөлүк. Чыгындыларды өлчөөгө коюлган жалпы талаптар

7. Мамлекеттик контролдо колдонулган бардык өлчөөчү каражаттар белгиленген тартипте милдеттүү түрдө текшерүүдөн өтүүгө тийиш. Приборлор улуттук стандарттоо жана метрология органы тарабынан берилген иштеп турган текшерүү күбөлүгү менен камсыздалышы зарыл.

Өлчөөчү каражаттарды текшерүүнүн мөөнөттөрү техникалык документтерде (паспортто, эксплуатация боюнча нускамада) Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 9-июлундагы №11 «Өлчөмдөрдүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө» мыйзамынын талаптарын эске алуу менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-сентябрындагы №446 «Кыргыз Республикасынын «Өлчөмдөрдүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамын жүзөгө ашыруу чаралары жөнүндө» токтомуна тиркелген №3 тиркемеге ылайык белгиленет.

8. Инспектор иш баштоо алдында пломбаларды жана приборлордогу текшерүү белгилерин текшерет. Текшерилбеген же бузук приборлорду көзөмөл максатында колдонууга жол берилбейт.

9. Газоанализаторлорун колдонгондо иштетилген газдардын зонддун жанынан чыгып кетпөөсүнө, ошондой эле анын чыгуучу түтүктө тыгыз орнотулганына ынануу керек. Түтүн ченегичтерди колдонгондо, бардык түтүн газдарынын агымы өлчөөчү прибордун оптикалык камерасы аркылуу өтүшүн камсыз кылуу керек, зарыл болгон учурда, түтүндү чачыратуудан сактануу үчүн түтүн түтүгүнө тыгыз орнотулган атайын каптар колдонулушу керек.

10. Өлчөө жүргүзүлгөн учурда транспорт каражатынын жүрүшү 3 000 километрден жогору болуусу керек. Эгер жүрүш андан аз болсо, текшерүү жүргүзүлбөйт.

11. Автотранспорттун иштетилген газдары чыккан жерде адамдардын болушуна жол берилбейт, анткени көмүр кычкыл газы жана башка уулуу заттар менен ууланып калуу коркунучу бар. Көп жолу өлчөө жүргүзүүдө, айрыкча жабык жайларда (бокстордо), инспектор жана катышуучулар дем алуу органдарын коргоочу жеке каражаттарды (мисалы, респираторлорду) колдонушу керек, ГОСТ 12.4.028-76 "Эмгекти коргоо стандарттарынын системасы. Дем алуу органдарын коргоочу каражаттар. Классификациясы жана маркалоосу" талаптарына ылайык.

12. Өлчөөлөрдү жүргүзүү учурунда транспорт каражаты туруктуу тормоз менен токтотулган, нейтралдык өткөргүчкө коюлган болушу керек. Унаанын айдоочусу инспектордун көрсөтмөлөрүн так аткарышы керек (мисалы, акселератор педаласын басуу) жана текшерүү аяктагандан кийин кыймылдаткычты убагында токтотууга милдеттүү.

13. Иш бүткөндөн кийин бардык өлчөөчү приборлор өчүрүлүп, зарыл болгондо тазаланууга тийиш. Алар өндүрүүчүнүн техникалык документтерине жана Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 13-

мартындагы №38 «Өлчөмдөрдүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө» мыйзамынын талаптарына ылайык штаттык коргоочу кутуларда же футлярларда ташылууга тийиш.

14. Документтик даярдоо аяктаган соң, айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын инспектору транспорт каражаттарынан чыккан чыгынды газдарды инструменталдык контролдоо жүргүзүүгө киришет, анын ичинде булгоочу заттардын курамынын өлчөлүшү жана алардын белгиленген нормаларга шайкештиги бааланат.

15. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын инспекторуна кыймылдаткычты иштетүүгө, автотранспорт же башка кыймылдуу каражаттарды башкарууга, ошондой эле транспорт каражатынын техникалык абалына же эксплуатациясына таасир этиши мүмкүн болгон башка аракеттерди жасоого уруксат берилбейт. Бардык контролдоо иш-чаралары ушул Тартипке жана Кыргыз Республикасынын күчүндө турган мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

16. Бензин менен (жана/же) газ кыймылдаткычтары бар автотранспорт каражаттарынан чыккан чыгарылган газдардагы көмүртек моноксидинин (CO) жана көмүртек гидрогендеринин (CH) мазмуну кыймылдаткычтын бош жүрүшүндө, валдын минималдык айлануу ылдамдыгында, ушул Тартиптин 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн чектен ашпоого тийиш.

17. Кыймылдуу каражаттар үчүн кысуудан күйүүчү кыймылдаткычтар менен жабдылган (дизельдик) транспорт каражаттарынын иштетилген газдарынын түтүндүүлүгү ушул тартипке карата 2-тиркемеде көрсөтүлгөн маанилерден ашпоого тийиш.

18. Транспорт каражатында иштетилген газдарды чыгаруу тутуму герметикалык жана комплекстүү болушу керек (чыгуу тутумунун элементтеринин көрүнүктүү жоктугу жана бузулушу болбошу керек).

19. Автотранспорт каражатынын экологиялык классы өндүрүүчү өлкөгө жана автотранспорт каражатынын чыгарылган жылына жараша ушул Тартиптин 4-тиркемесине ылайык аныкталат.

**4 - Бөлүм. Текшерүү жыйынтыктарын тариздөө**

20. Жолдо айрым транспорт каражаттарын рейддик текшерүү учурунда жүргүзүлгөн өлчөөлөрдүн протоколу административдик укук бузуу боюнча протокол менен айкалыштырылышы мүмкүн же аны далилдердин сүрөттөмөсүнүн бир бөлүгү катары протоколго киргизүүгө болот.

21. Натыйжалары бар дүмүрчөк басылып чыкканда, ал протоколго тиркелет (инспектордун колу менен бекитилет).

22. Текшерүү учурунда транспорт каражатынын чыгарылган газдарындагы булгоочу заттардын ченемден ашып кеткендиги аныкталган учурларда, инспектор (ошол эле учурда административдик материалдарды түзүүгө ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамы болуп саналат) Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин тиешелүү беренеси боюнча укук бузуу жөнүндө протокол түзөт.

23. Бажы союзунун (ЕАЭБ) "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" ТР ТС 018/2011 техникалык регламентине ылайык, 2011-жылдын 9-декабрындагы № 877 Бажы союзунун Комиссиясынын чечими менен бекитилген, 9.1.1 жана 9.2-пункттарында көмүр кычкыл газынын (СО), углеводороддордун (СН) курамынын жана түтүндүүлүк коэффициентинин ченемдери белгиленген, алар ар бир транспорт каражаты үчүн жекече өлчөнүп жана бааланууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» кодексинин 47-беренесине ылайык «Бир нече укук бузуу жасалганда жаза чараларын колдонуу», эгерде бир эле тарап эки же андан көп укук бузуу жасаса, жаза чарасы ар бир укук бузуу үчүн өз-өзүнчө колдонулат.

Ошентип, ар бир транспорт каражаты мамлекеттик көзөмөлдүн өз алдынча объектиси катары каралат. Транспорт каражаттарынын бир менчик ээси болушу бир нече укук бузуу фактыларын бир протоколго бириктирүүгө негиз болуп саналбайт.

Мындан тышкары, аталган Кодекстин 19-беренесине ылайык, эгерде юридикалык жак менен эмгектик мамиледе турган же анын кызыкчылыгы үчүн белгилүү бир аракеттерди аткарган (анын ичинде келишим боюнча) жеке жак өзүнүн аракеттеринин (аракеттеринин же аракетсиздигинин) мыйзамга каршы экендигин билсе же билиши керек болсо, юридикалык жак укук бузуу жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылат.

Кыргыз Республикасында
кыймылдуу булактардан
чыккан булгоочу заттардын
чыгындыларына мамлекеттик
көзөмөлдү жүргүзүүнүн
тартибине 1-тиркеме

**Бензин жана (же) газ отуну менен иштеген автотранспорт каражаттары үчүн күчтөп күйүүчү кыймылдаткычтын иштетилген газдарындагы көмүртек кычкылынын (CO), углеводороддордун (CH) курамынын ченемдери**

| Транспорт каражаттарынын категориялары жана комплектациясы | Кыймылдаткычтын тиштүү валынын айлануу ылдамдыгы | CO, көлөмдүк үлүшү, % | CH, көлөмдүк үлүшү, млн-1/ppm |
|---|---|---|---|
| M жана N, иштетилген газдарды нейтралдаштыруу системалары менен жабдылбаган | минималдуу | 3,5 | 1200 |
| | жогору | 2,0 | 600 |
| M жана N категориясындагы, экологиялык классы 2 жана андан төмөн болгон, чыккан газдарды нейтралдаштыруу системалары менен жабдылган | минималдуу | 0,5 | 200 |
| | жогору | 0,3 | 200 |
| M жана N категориясындагы, экологиялык классы 3 жана андан жогору болгон, иштетилген газдарды нейтралдаштыруу системалары менен жабдылган | минималдуу | 0,3 | - |
| | жогору | 0,2 | - |
| Чыгарылган газдарды нейтралдаштыруу системалары менен жабдылбаган L | минималдуу | 4,5 | - |

Кыргыз Республикасында кыймылдуу булактардан чыккан булгоочу заттардын чыгындыларына мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүүнүн тартибине 2-тиркеме

**Кысуудан күйүүчү кыймылдаткычтар менен жабдылган автотранспорт каражаттарынын иштетилген газдарынын түтүндүүлүгүнүн ченемдери**

| Транспорт каражатынын категориясы, экологиялык классы | кыймылдаткычтын түрү | Түтүндүүлүк, жарык агымын жутуу коэффициенти (k), м-1 |
|---|---|---|
| M, N, экологиялык класстары 3 жана андан төмөн | Турбонаддув жок | 2,5 |
| | Турбонаддув менен | 3,0 |
| M, N, экологиялык класстары 4 жана андан жогору | - | 1,5 |

Кыргыз Республикасында кыймылдуу булактардан чыккан булгоочу заттардын чыгындыларына мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүүнүн тартибине 3-тиркеме

**k маанилерин Nге которуу (L = 0,43 м болгон түтүн өлчөгүч үчүн)**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *k*, $м^{-1}$ | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,5 | 0,55 | 0,6 | 0,65 |
| *N*, % | 0,0 | 4 | 8 | 11 | 15 | 20 | 21 | 23 | 24 |
| *k*, $м^{-1}$ | 0,7 | 0,75 | 0,8 | 0,85 | 0,9 | 0,95 | 1,0 | 1,05 | 1,1 |
| *N*, % | 26 | 28 | 29 | 31 | 32 | 34 | 35 | 36 | 38 |
| *k*, $м^{-1}$ | 1,15 | 1,2 | 1,25 | 1,3 | 1,35 | 1,4 | 1,45 | 1,5 | 1,55 |
| *N*, % | 39 | 40 | 42 | 43 | 44 | 45 | 46 | 47 | 49 |
| *k*, $м^{-1}$ | 1,6 | 1,65 | 1,7 | 1,75 | 1,8 | 1,85 | 1,9 | 1,95 | 2,0 |
| *N*, % | 50 | 51 | 52 | 53 | 54 | 55 | 56 | 57 | 58 |
| *k*, $м^{-1}$ | 2,05 | 2,1 | 2,15 | 2,2 | 2,25 | 2,3 | 2,35 | 2,4 | 2,45 |
| *N*, % | 59 | 59,5 | 60 | 61 | 62 | 63 | 64 | 64,4 | 65 |
| *k*, $м^{-1}$ | 2,5 | 2,55 | 2,6 | 2,65 | 2,7 | 2,75 | 2,8 | 2,85 | 2,9 |
| *N*, % | 66 | 67 | 67,3 | 68 | 69 | 69,3 | 70 | 71 | 71,3 |
| *k*, $м^{-1}$ | 3,0 | 3,05 | 3,1 | 3,15 | 3,2 | 3,25 | 3,3 | 3,35 | 3,4 |
| *N*, % | 72,5 | 73 | 73,6 | 72 | 75 | 75,3 | 76 | 76,3 | 77 |
| *k*, $м^{-1}$ | 3,45 | 3,5 | 3,55 | 3,6 | 3,65 | 3,7 | 3,75 | 3,8 | 3,85 |
| *N*, % | 77,3 | 78 | 78,3 | 79 | 79,2 | 80 | 80,1 | 80,5 | 81 |
| *k*, $м^{-1}$ | 3,9 | 3,95 | 4,0 | 4,05 | 4,1 | 4,15 | 4,2 | 4,25 | ∞ |
| *N*, % | 81,3 | 81,7 | 82 | 82,5 | 83 | 83,3 | 83,7 | 84 | 100 |

Кыргыз Республикасында
кыймылдуу булактардан чыккан
булгоочу заттардын
чыгындыларына мамлекеттик
көзөмөлдү жүргүзүүнүн тартибине
4-тиркеме

# Өндүрүүчү өлкөсүнө жана чыгарылган жылына жараша автотранспорт каражатынын экологиялык класстары

| Транспорт каражатын өндүргөн өлкө | Кыймылдаткычтын түрү | Экологиялык класс | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 | 4 | 5 жана 6 |
| | | чыгарылган жылы | | |
| КМШ, Россия, Кыргызстан, Өзбекстан | Күч менен от алдыруу | 2008 – 2012 | 2013 – 2015 | 2016 дан баштап |
| | Дизельдик | 2008 – 2012 | 2013 – 2015 | 2016 дан баштап |
| Европа Биримдигинин өлкөлөрү (ЕБ), Улуу Британия | Күч менен от алдыруу | 2000 – 2004 | 2005 – 2009 | 2010 дон баштап |
| | Дизельдик | 2000 – 2004 | 2005 – 2009 | 2010 дон баштап |
| Жапон | Күч менен от алдыруу | 2005-2010 | 2011ден баштап | |
| | Дизельдик | 2005-2010 | 2011 ден баштап | |
| Корея | Күч менен от алдыруу | 2003-2005 | 2006 дан баштап | 2010 дон баштап |
| | Дизельдик | 2003-2005 | 2006 дан баштап | 2010 дон баштап |
| АКШ | Күч менен от алдыруу | 2001-2003 | 2004 төн баштап | 2010 дон баштап |
| | Дизельдик | 2001-2003 | 2004 төн баштап | 2010 дон баштап |
| Кытай | Күч менен от алдыруу | 2008- 2010 | 2011 ден баштап | 2013 төн баштап |
| | Дизельдик | 2008 ден баштап | 2011 ден баштап | 2011 ден баштап |

Утверждено приказом
Министерства природных
ресурсов, экологии и
технического надзора
Кыргызской Республики
от 26.03.2026 г. № 01-01/108

# ПОРЯДОК
**осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящий Порядок разработан в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики «О правонарушениях» № 128 от 28 октября 2021 года, Законом Кыргызской Республики «Об охране атмосферного воздуха» № 51 от 12 июня 1999 года, Законом Кыргызской Республики «Об охране окружающей среды» № 53 от 16 июня 1999 года, а также постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Порядка проведения технического осмотра транспортных средств» № 350 от 12 июля 2023 года и определяет порядок осуществления контроля и мониторинга выбросов загрязняющих веществ от автомобильных транспортных средств на территории Кыргызской Республики.

Порядок распространяется на все автотранспортные и иные передвижные средства, оснащённые двигателями внутреннего сгорания, в том числе с гибридными и последовательными гибридными силовыми установками, эксплуатируемые на территории Кыргызской Республики.

2. В Порядке используются следующие термины и их определения:

Газоанализатор - прибор для непрерывного анализа химического состава отработавших газов двигателя;

Отработавшие газы двигателя - смесь газов с примесью взвешенных частиц, удаляемая из цилиндров или камер сгорания двигателя.

Дымность отработавших газов - показатель, характеризующий степень поглощения светового потока, просвечивающего отработавшие газы дизеля.

Токсичность выбросов двигателя - способность выбросов двигателя оказывать вредное воздействие на людей и окружающую природную среду.

Свободное ускорение - разгон двигателя от минимальной до максимальной частоты вращения на холостом ходу.

Максимальная частота вращения - частота вращения вала двигателя на холостом ходу при полностью нажатой педали подачи топлива, ограниченная регулятором.

Эффективная база дымомера L, м, - толщина оптически-однородного слоя отработавших газов, эквивалентного по ослаблению светового потока столбу тех же отработавших газов, заполняющих рабочую трубу дымомера в условиях измерения.

Натуральный показатель ослабления светового потока K, $м^{-1}$, - величина, обратная толщине слоя отработавших газов, проходя который поток излучения от источника света дымомера ослабляется в е раз. Отсчитывается по основной шкале индикатора дымомера.

Коэффициент ослабления светового потока N, %, - степень ослабления светового потока вследствие поглощения и рассеивания света отработавшими газами при прохождении ими рабочей трубы дымомера. Отсчитывается по вспомогательной шкале дымомера с эффективной базой 0,43 м.

## Глава 2. Организация и проведение рейдовых проверок автотранспортных средств

3. Государственный контроль за соблюдением требований по охране атмосферного воздуха от выбросов автотранспортных и других передвижных средств осуществляется уполномоченным органом в сфере охраны окружающей среды в пределах его компетенции и в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

4. Дорожные рейдовые проверки – выборочный контроль транспортных средств непосредственно в местах эксплуатации (на улицах, дорогах, контрольно-пропускных пунктах) с целью выявления автомобилей с чрезмерно дымным или токсичным выхлопом.

5. После остановки транспортного средства сотрудниками уполномоченного органа, осуществляющего контроль за безопасностью дорожного движения, контроль соблюдения установленных нормативов выбросов загрязняющих веществ и уровней токсичности выхлопных газов осуществляет сотрудник уполномоченного органа в сфере охраны окружающей среды.

6. Не подлежат проверке находящиеся в дорожном движении, транспортные средства органов национальной безопасности, органов внутренних дел, скорой медицинской помощи, аварийно-технических служб, службы МЧС, воинских, дипломатических представительств и такси, автобусов с пассажирами, а также движущихся в колоннах.

## Глава 3. Общие требования к проведению измерений выбросов

7. Все средства измерений, применяемые для государственного контроля, подлежат обязательной поверке в установленном порядке. Приборы должны иметь действующее свидетельство о поверке от национального органа по стандартизации и метрологии.

Периодичность поверки средств измерений устанавливается технической документацией (паспортом, инструкцией по эксплуатации) с учетом требований Закона Кыргызской Республики «Об обеспечении единства измерений» от 9 июля 2014 года № 11 и в соответствии с приложением № 3 к постановлению Правительства Кыргызской Республики от 2 сентября 2019 года № 446 «О мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «Об обеспечении единства измерений».

8. Инспектор перед началом работы проверяет пломбы и маркировку поверки на приборах. Использование непроверенных или неисправных приборов для целей контроля не допускается.

9. При использовании газоанализаторов необходимо убедиться в отсутствии утечки отработавших газов мимо зонда, а также в его плотной фиксации в выхлопной трубе. При использовании дымомеров следует обеспечить прохождение всего потока выхлопных газов через оптическую камеру измерительного прибора, при необходимости должны применяться специальные насадки, плотно устанавливаемые на выхлопную трубу, во избежание рассеивания выхлопа.

10. При проведении измерения пробег транспортного средства должен быть не менее 3 000 километров. При меньшем пробеге проверка не проводится.

11. Не допускается нахождение людей на линии выхода отработавших газов транспортного средства во избежание отравления угарным газом и другими токсичными веществами. При множественных замерах, особенно в условиях закрытых помещений (боксов), инспектор и присутствующие лица должны использовать средства индивидуальной защиты органов дыхания (например, респираторы), в соответствии с требованиями ГОСТ 12.4.028-76 «ССБТ. Средства защиты органов дыхания. Классификация и маркировка».

12. Транспортное средство во время проведения замеров должно быть заторможено стояночным тормозом, переведено на нейтральную передачу, а водитель обязан точно выполнять команды инспектора (например, нажатие на педаль акселератора) и своевременно останавливать двигатель по завершении проверки.

13. После завершения работы приборы должны быть отключены, очищены при необходимости и транспортироваться в штатных защитных кофрах или футлярах, как предусмотрено технической документацией производителя и в соответствии с требованиями Закона Кыргызской Республики «Об обеспечении единства измерений» № 38 от 13 марта 2004 года.

14. После завершения подготовительной документальной проверки инспектор уполномоченного органа в сфере охраны окружающей среды приступает к проведению инструментального контроля выбросов отработавших газов транспортных средств, включая измерение содержания загрязняющих веществ и оценку их соответствия установленным нормативам.

15. Инспектору уполномоченного органа не разрешается осуществлять запуск двигателя, управление автотранспортными или иными передвижными

средствами, а также любые действия, способные повлиять на техническое состояние или эксплуатацию транспортного средства. Все контрольные мероприятия проводятся в порядке, установленном настоящим Порядком и действующим законодательством Кыргызской Республики.

16. Содержание монооксида углерода (CO), углеводородов (CH) в отработавших газах автотранспортных средств с бензиновыми и (или) газовыми двигателями в режиме холостого хода на минимальных частотах вращения коленчатого вала двигателя не должно превышать значений, указанных в приложении 1 к настоящего Порядка.

17. Дымность отработавших газов для передвижных средств, оснащенных двигателями с воспламенением от сжатия (дизельные), не должна превышать значений, указанных в приложении 2 к настоящему порядку

18. У транспортного средства система выпуска отработавших газов должна быть герметична и комплектна (не должно быть видимого отсутствия и повреждений элементов выпускной системы).

19. Определение экологического класса автотранспортного средства осуществляется в зависимости от страны производителя и от года выпуска автотранспортного средства в соответствии с приложением 4 к настоящему Порядку.

## Глава 4. Оформление результатов проверки

20. Во время рейдовых проверок отдельных транспортных средств на дороге протокол замера может совмещаться с протоколом об административном правонарушении, либо вписываться в него как часть описания доказательств.

21. При печатании квитанции с результатами, она прикладывается к протоколу (скрепляется подписью инспектора).

22. В случаях, когда в ходе проверки установлено превышение транспортным средством нормативов содержания загрязняющих веществ в выбросах, инспектор (являющийся одновременно должностным лицом органа, уполномоченного составлять административные материалы) составляет протокол о правонарушении по соответствующей статье Кодекса о правонарушениях Кыргызской Республики.

23. Согласно Техническому регламенту Таможенного союза (ЕАЭС) ТР ТС 018/2011 «О безопасности колесных транспортных средств», утверждённому Решением Комиссии Таможенного союза № 877 от 9 декабря 2011 года, в пунктах 9.1.1 и 9.2 устанавливаются нормативы содержания оксида углерода (CO), углеводородов (CH) и коэффициента дымности, которые подлежат измерению и оценке индивидуально для каждого транспортного средства.

Также согласно статье 47 «Применение взысканий при совершении нескольких правонарушений» Кодекса Кыргызской Республики «О правонарушениях», в случае совершения одним лицом двух или более правонарушений взыскание применяется за каждое правонарушение отдельно.

Таким образом, каждое транспортное средство рассматривается как самостоятельный объект государственного контроля. Наличие у транспортных средств одного собственника не является основанием для объединения нескольких фактов правонарушений в один протокол.

Кроме того, согласно статье 19 «Вина юридических лиц» указанного Кодекса, юридическое лицо признаётся виновным в совершении правонарушения, если физическое лицо, состоящее с ним в трудовых отношениях, либо выполняющее определённые действия в его интересах (в том числе по договору), осознавало либо могло и должно было осознавать противоправность своих действий (действия или бездействия).

Приложение 1
К Порядку осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике

**Нормы содержания монооксида углерода (CO), углеводородов (CH) в отработавших газах двигателя с принудительным зажиганием для автотранспортных средств, работающих на бензине и (или) на газовом топливе**

| Категории и комплектация транспортных средств | Частота вращения коленчатого вала двигателя | CO, объемная доля, % | CH, объемная доля, млн-1/ppm |
|---|---|---|---|
| M и N, не оснащенные системами нейтрализации отработавших газов | минимальная | 3,5 | 1200 |
| | повышенная | 2,0 | 600 |
| M и N, экологического класса 2 и ниже, оснащенные системами нейтрализации отработавших газов | минимальная | 0,5 | 200 |
| | повышенная | 0,3 | 200 |
| M и N, экологического класса 3 и выше, оснащенные системами нейтрализации отработавших газов | минимальная | 0,3 | - |
| | повышенная | 0,2 | - |
| L, не оснащенные системами нейтрализации отработавших газов | минимальная | 4,5 | - |

Приложение 2
К Порядку осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике

**Нормы дымности отработавших газов автотранспортных средств, оснащенных двигателями с воспламенением от сжатия**

| Категория транспортного средства, экологический класс | Тип двигателя | Дымность, коэффициент поглощения светового потока (k), м-1 |
|---|---|---|
| M, N, экологические классы 3 и ниже | Без наддува | 2,5 |
| | С наддувом | 3,0 |
| M, N, экологические классы 4 и выше | - | 1,5 |

Приложение 3
К Порядку осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике

**Пересчет значений *k* в *N* (для дымомера с *L*, равной 0,43 м)**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *k*, $м^{-1}$ | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,5 | 0,55 | 0,6 | 0,65 |
| *N*, % | 0,0 | 4 | 8 | 11 | 15 | 20 | 21 | 23 | 24 |
| *k*, $м^{-1}$ | 0,7 | 0,75 | 0,8 | 0,85 | 0,9 | 0,95 | 1,0 | 1,05 | 1,1 |
| *N*, % | 26 | 28 | 29 | 31 | 32 | 34 | 35 | 36 | 38 |
| *k*, $м^{-1}$ | 1,15 | 1,2 | 1,25 | 1,3 | 1,35 | 1,4 | 1,45 | 1,5 | 1,55 |
| *N*, % | 39 | 40 | 42 | 43 | 44 | 45 | 46 | 47 | 49 |
| *k*, $м^{-1}$ | 1,6 | 1,65 | 1,7 | 1,75 | 1,8 | 1,85 | 1,9 | 1,95 | 2,0 |
| *N*, % | 50 | 51 | 52 | 53 | 54 | 55 | 56 | 57 | 58 |
| *k*, $м^{-1}$ | 2,05 | 2,1 | 2,15 | 2,2 | 2,25 | 2,3 | 2,35 | 2,4 | 2,45 |
| *N*, % | 59 | 59,5 | 60 | 61 | 62 | 63 | 64 | 64,4 | 65 |
| *k*, $м^{-1}$ | 2,5 | 2,55 | 2,6 | 2,65 | 2,7 | 2,75 | 2,8 | 2,85 | 2,9 |
| *N*, % | 66 | 67 | 67,3 | 68 | 69 | 69,3 | 70 | 71 | 71,3 |
| *k*, $м^{-1}$ | 3,0 | 3,05 | 3,1 | 3,15 | 3,2 | 3,25 | 3,3 | 3,35 | 3,4 |
| *N*, % | 72,5 | 73 | 73,6 | 72 | 75 | 75,3 | 76 | 76,3 | 77 |
| *k*, $м^{-1}$ | 3,45 | 3,5 | 3,55 | 3,6 | 3,65 | 3,7 | 3,75 | 3,8 | 3,85 |
| *N*, % | 77,3 | 78 | 78,3 | 79 | 79,2 | 80 | 80,1 | 80,5 | 81 |
| *k*, $м^{-1}$ | 3,9 | 3,95 | 4,0 | 4,05 | 4,1 | 4,15 | 4,2 | 4,25 | ∞ |
| *N*, % | 81,3 | 81,7 | 82 | 82,5 | 83 | 83,3 | 83,7 | 84 | 100 |

Приложение 4
К Порядку осуществления государственного контроля за выбросами загрязняющих веществ передвижными источниками в Кыргызской Республике

## Экологические классы автотранспортного средства в зависимости от страны производителя и года выпуска

| Страна производитель транспортного средства | Тип двигателя | Экологический класс | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 | 4 | 5 и 6 |
| | | год выпуска | | |
| СНГ, Россия, Кыргызстан, Узбекистан | С принудительным зажиганием | 2008 – 2012 | 2013 – 2015 | с 2016 |
| | Дизельный | 2008 – 2012 | 2013 – 2015 | с 2016 |
| Страны Европейского Союза (ЕС), Великобритания | С принудительным зажиганием | 2000 – 2004 | 2005 – 2009 | с 2010 |
| | Дизельный | 2000 – 2004 | 2005 – 2009 | с 2010 |
| Япония | С принудительным зажиганием | 2005-2010 | с 2011 | |
| | Дизельный | 2005-2010 | с 2011 | |
| Корея | С принудительным зажиганием | 2003-2005 | с 2006 | с 2010 |
| | Дизельный | 2003-2005 | с 2006 | с 2010 |
| США | С принудительным зажиганием | 2001-2003 | с 2004 | с 2010 |
| | Дизельный | 2001-2003 | с 2004 | с 2010 |
| Китай | С принудительным зажиганием | 2008- 2010 | с 2011 | с 2013 |
| | Дизельный | с 2008 | с 2011 | с 2011 |